Ж.Маматжанов атындагы №58 жалпы орто билим берүү мектебинин 2018-2019-окуу жылына карата тарбия иштеринин анализи. Сентябрь. Класс жетекчилердин кеңешмеси өтүлүп Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясынын негиздери талкууланды, класс жетекчилер дайындалып, окуу жылга карата даярдыктары жөнүндө айтылды. 1-Сентябрь билим күнүнө карата салтанаттуу тизим өтүлдү. Окуучуларды мекнчиликке тарбиялоо максатында 1-11 класстарда тарбиялык сааттар уюштурулду.”Кыргызстандын тарыхы жана маданияты-улуттун сыймыгы жана байлыгы” деген аталышта тарбиялык сааттар өтүлдү. “Манас Жаштары” уюмунун мүчөлөрүнүн чогулушу өтүлдү. Мында 2018-2019-окуу жылына карата шайлоо жүргүзүлдү иш пландар каралды, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча пландар иштелип чыкты. Балдар кеңеши, кыздар кеңешинин иш пландары иштелип, тааныштырылды.Топ башчылар ар бир класстарда шайланып мектептин, класстын абалдарына, окуучулардын формасына рейддер жүргүзүлдү. “Жаш өрт өчүргүчтөр”, “Милициянын жаш көмөкчү отряды” топтору түзүлүп, окуу жылындагы милдетери талкууланды. Тил күнүнө карата 1-4-класстарда “ Эне тилим, эне сүтүм” деген темада өткөрүлдү. 5-11-класстарда “ Тил тагдыры эл тагдыры” деген темада манасчылардын, көркөм окуулардын, жаңылмач, макал-лакаптардын кароо сынагы өткөрүлүп кыргыз тилдин 3 айлыгында жыйынтыктыр чыгарылары эскертилип дил баяндарды жазуу боюнча тапшырмалар берилди. Кылмыштуулуктуналдын алуу жана укук бузуунун алдын алууда ИДН кызматкерлери менен биргеликте ата-энелер чогулуштары өтүлдү.”Кылмыш жана жаза”, “Кылмышка катышканын жоопко тартылганың” аталыштагы семинар сабактар уюштурулду. “Жашыл мектеп”, “ жашыл класс” парламент мүчөлөрү жашылдандыруу акциясын өтүп, мектеп айланаын тазалоо жүргүзүлдү. “Жаратылыш жан досум” деген темада 5-11 – класстарда жаратылышты коргоо, сүйүү боюююююнча конкурстук прогрммалар өтүлдү. Октябрь. Карыялар күнүнө карата ата-апаларга куттуктоолор “ Манас Жаштары” уюмунун мучөлөрү тарабынан жөнөтүлдү. Күзгү чарба жумуштарына жардамдарды беришти. “Мугалим мөмөлүү дарак!” деген темада агай-эжейлерге арноо концерт тартуулашты.“Мен сыймыктанган мугалим” деген темада дил баяндар жазылды. 1-4-класстар арасында жол эрежесин алдын алууда “Жолдон сак бол”! деген класстык сааттар өтүлдү. “Күз берекеси” деген теманын үстүндө жогорку класстарда КВН кенже класстар. Жаштар күнүнө карата МЖУнун мүчөлүгүнө кабыл алуу уюштурулду. Манас кошуунуна 8- класстын , Семетей кошуунуна 4-класстын , Сейтек кошуунуна 2-класстын окуучулары кабыл алуу аземи болуп өттү Кыздар, балдар кеңешинин чогулушу болуп өттү.” Кыз ала качуу-бул кылмыш” аттуу теманы астында талкуу жүргүзүлдү. Декабрь. СПИД –аалам коркунучу! деген теманын үстүндө жогорку класстын окуучулары менен биргеликте семинар сабак ,тегерек стол дил баяндар жазылды. 3-декабрь Майыптар күнүнө карата акция класстар арасында уюштурулуп айылдагы майып балдарга жардам көрсөтүлдү. 10-декабрь Адам укугун коргоо боюнча 5-11-класстарда ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. 12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата улуу жазуучу Ч Айматовко жана алп жазуучу А Осмоновко арналган адабий кече уюштурулду.Ч.Айтматовдун 90 жылдык маарекесине арналган “Чыгыштын чыгааны Чынгыз” аттуу райондук семинар болуп өттү. Жаңы жыл жалпыбыздын жарчысы аталышта оюн-зооктор өтүлдү. Январь. 2-чейректин жыйынтыгы.Окуучулардын жетишүүсү, катышуусу талкуланды. .Кыздар кеңешинде кыздардын жетишүүсү,формасы , жүрүш-турушу каралды. “Мен кыргызстандык экениме сыймыктанам” республикалык кароо сынакка Калыбек кызы Айгүмүш вокал боюнча байгелүү орунга жетти. “ Мен Өзгөн шаарын кандай элестетем”? сүрөт конкурсу боюнча Абдирашит уулу Рыскелди 1- орунду ээлегедиги үчүн БЧБнын ардак грамотасы менен сыйланды. Февраль. 2019-жыл Аймактарды өнүтүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылынын алкагында Жылалды айыл өкмөтүнүн мектептеринин арасында Мекеним Кыргызстан” аттуу аскердик-патриоттук иш чарада жетишкен ийгиликтери үчүн Өзгөн РИИБдин 1-даражадагы диплом жана кубок менен Жылалды №8 орто мектебинин окуучулары сыйланды. Ошондой эле №71 спортакиадасын спорттун

фудбол түрү боюнча мектептин фудбол командасы 2- орундуээлегендиги үчүн 2-даражадагы диплом жана баалуу белектер менен сыйланды. 21-февраль” Дүйнөлүк эне тил” күнүнө карата мектепте “Ар улуттан болсок, да Кыргызстанды сүйөбүз”! аталышта концерттик программалар болуп өттү. Ата-мекенди коргоо күнүнө карата МЖУнун мүчөлөрү уюмга Манас,Семетей, Сейтек кошуунуна кабыл алынды. Спорттук мелдеш, Кенже класстар үчүн Шайыр старт оюн дары уюштурулду. Март. 3-Март Желек күнүнө карата мектепте жөө жүрүш ыр,бий, оюн зооктор өткөзүлдү .5- март Ак калпак күнүндө улуттук баш кийим ак калпакты даңазалап, ачык сааттар тегерек стол уюштурулду. Кана эмесе кыздар ай! 8-март аядардын жана жаз майрамына карата 9-11-класстар арасында КВН өттү. Кел,келе кой Ноорузум! ыр, бий, көркөм окуулар видеоролик ата –энелердин куттуктоолор уюштурулду.онлайн “Китеп биздин досубуз” көркөм окуулар кол өнөрчүлүк китеп жасоо. Балдар кеңешннде “Тамеки өмүргө зыян” тегерек стол өткөзүлдү онлайн Кесипти туура тандайлы! 9-11-класстар үчун ата-энелери менен бирге талкуу жүргүзүлдү. Май. Мыйзам барына бирдей талкуу онлайн ЗУУМ конференция.Улуу Ата Мекендик согушта эрдик көрсөткөн баатырларга арналган көркөм окуулар Онлайн .МЖУнун онлайн түрүндө кабыл алуу аземи. Манас, Семетей, Сейтек кошуунуна ыр, доклад уюмдун тарыхы жөнүндө Замирбек кызы Лилия жасады. Ичеги карын - мите курттардан сактан! 1-4-класстарда жазуу иштери онлайн түрүндө жүргүзүлдү. ТИУ: Камалдинова Н